УДК: 929.5
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-32-38

**Мурзаев М.С.**
психология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
mamatali54@mail.ru

## САНЖЫРА ЖАНА ПСИХОЛОГИЯЛЫК МЫЙЗАМДАР

**Аннотация.** Макалада генеалогия, уруулук түзүлүш, уруунун оозеки тарыхы маселелери каралган. Санжыра канчалаган кылымдар бою өз уруусунун, жалпы кыргыз элинин тарыхын оозеки сактап, жаш муундарга үйрөтүү менен улуттук тарбия иштерин жүргүзүп келет. Санжыра адамдардын көп кылымдардагы жашоосун камтыйт, анын мазмуну бай жана ар түрдүү. Санжыраны санжырачылар, тарыхчылар, фольклорчулар ж.б.у.с., чогултулган материалдар изилденгени менен натыйжалары талданбай, теориялык-методологиялык негиздери атайын илимий изилдөөнүн предметине түшүрүлгөн эмес.

**Негизги сөздөр:** санжыра, санжырачылар, сүрүштүрүү, тарыхчылар, талдоо, илимий изилдөө, жыйналган материалдар, жыйынтыктар, мазмуну бай жана көп түрдүү, фольклорчулар, оозеки тарыхы, уруулар.

**Мурзаев М.С.**
кандидат психологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
mamatali54@mail.ru

## ГЕНЕАЛОГИЯ И ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ЗАКОНЫ

**Аннотация.** В статье рассматриваются вопросы генеалогии, родоплеменной структуры, устной истории племени. На протяжении многих веков санджира хранит историю своего племени и всего кыргызского народа в устной форме, обучая ей подрастающее поколение и ведя национальное просвещение. Генеалогия охватывает многовековую жизнь людей, ее содержание богато и разнообразно. Собранные материалы изучали специалисты по генеалогии, историки, фольклористы и т. д., однако результаты не анализировались, а теоретические и методологические основы не вошли в предмет специальных научных исследований.

**Ключевые слова:** генеалогия, специалисты по генеалогии, геодезические работы, историки, анализ, научные исследования, собранные материалы, результаты, богатое и разнообразное содержание, фольклористы, устная история, племена.

**Murzaev M.S.**
Candidate of Psychological Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
mamatali54@mail.ru

## GENEALOGY AND PSYCHOLOGICAL LAWS

**Annotation.** The article deals with issues of genealogy, tribal structure, oral history of the tribe. For many centuries, Sanjira has been keeping the history of her tribe and the entire Kyrgyz people orally, teaching it to the younger generation and conducting national education. Genealogy covers many centuries of people's lives, its content is rich and varied. Genealogists, historians, folklorists, etc., studied the collected materials, but the results were not analyzed, and the theoretical and methodological foundations were not included in the subject of special scientific research.

**Key words:** genealogy, genealogists, surveying, historians, analysis, scientific research, collected materials, results, rich and varied content, folklorists, oral history, tribes.

Кыргыз элинин маданиятында санжыра (уруу сүрүштүрүү, уруунун оозеки тарыхы ж.б.) өзгөчө орунда турат [1, 19-б.]. Ошондон ар бир кыргыздын өз улутуна, уруусуна жана уругуна тиешелүү санжыра (оозеки тарых) менен тааныштыгы бар.

Санжыра – уруулардын келип чыгышынын генеологиясын, жалпы өзгөчөлүктөрүн баяндоо менен бирге эле ар бир уруудан кандай тарыхый инсандар чыккандыгы, алардын жасаган иштери, жекече өзгөчөлүктөрү ооздон-оозго өтүп жаштарды тарбиялоодо үлгү катары пайдаланылган [2, 26-б.].

Санжыра көп кылымдар бою өз уруусунун, жалпы эле кыргыз элинин тарыхын оозеки сактоону ишке ашырып, аларды жаш муундарга үйрөтүү аркылуу, улуттук тарбия берүү кызматын аткарып келет. Санжыра элдин көп кылымдардагы турмушун өз ичине камтып, мазмуну бай жана көп түрдүүлүгү менен айырмаланат [2, 31-б.].

Кыргыз элинде сөзгө жоопкерчиликтүү мамиле бийик болгондон гана санжыра өз сынын бузбай сакталып, кылымдан кылым улай эл ичинде айтылып келет. Анын жаралып, сакталып калышында таза абадан дем алып, таза суу ичкен кыргыздардын арасынан табиятынан ак сөөк адамдар, куйма кулактар ж.б. касиеттүү кишилер санжыраны бүт керемет касиетин сактап, биздин күндөргө жеткирип келишти.

Санжыра санжырачылар тарабынан айтылып, тарыхчылар, фольклорчулар ж.б. тарабынан изилденип келе жатканы менен жыйналган материалдар талдоого алынып жыйынтыктар чыгарылган эмес жана теориялык-методологиялык алкактан атайын чон илимий изилдөөнүн темасына алынып изилдене элек. Басымдуу түрдө маданият таануу принцибинен гана баяндалып түшүндүрүлүп келүүдө.

Азыркы кезде санжыраны ар тараптуу изилдөө өтө актуалдуу болууда. Анткени адатта санжырачылар жакшы кулк мүнөздүн ээси болушуп; адилеттүүлүгү, калыстыгы, чындыкты айткандыгы, элдин сөзүн элге жеткирүүдөгү жоопкерчилигинин жогорулугу менен айырмаланышкан. Мына ошондон элдин санжырасы бузулбай сакталып, биздин күндөргө жетип келген. Бирок кийинки күндөрдө (жылдарда) санжырачылар өтө көбөйдү. Билгени да, билбегени да өз уруусунун бир үзүм тарыхын элге жайылтып санжырачы болуп кетишти. Ар бир уруу өз санжырасын жазып, аны китеп кылып басмадан чыгарып, уруунун курултайын өткөрүү салтка айланды. Натыйжада, салт бузулуп, санжыра бузулууга дуушар болду. Эң негизгиси, өз уруусун мактоого багытталган санжыралар көбөйө баштады. Бул улуттук маданияттагы жана элдин аң сезиминдеги көйгөйгө айланды. Мына ошондуктан

санжыраны илимий изилдөөгө алуу, улуттун өнүгүүсүнө таяныч болчу санжыраны ачыктап алуу ж.б. өтө зарыл болуп саналат.

Биздин пикирибизче, санжыраны изилдөөнү бир нече принциптерден кароо туура болот. Алсак, санжыра тарыхый фактылар менен салыштырылып тарыхый принциптин негизинде изилдөө иштелип чыга элек. Биз макалабызда санжыранын табиятына, жашоосуна байланыштуу айрым психологиялык маселелерге токтолууну туура көрдүк.

Биз макалада санжыранын айрым психологиялык мыйзамдары жөнүндө соз кылабыз.Андагы негизги маселе санжырага түздөн-түз байланыштуу болгон психология илиминдеги жетишкендиктерге – *Тэшфелдин тапкан мыйзамына, конфабуляция кубулушуна* көңүл бурдуруу жана санжыраны талдаганда аларды эске алууну сунуштоо, эскертүү.

Кыргыздардын санжырачылары сөз кылган уруу тарыхы, уруулар ортосундагы өз ара мамиле, карым-катыш ж.б. кыргыз этнопсихологиясы изилдей турган проблема болуп саналат. Анткени санжыра элдин тарыхын баяндоо менен бирге элдин менталитетин, психологиялык өзгөчөлүктөрүн тарыхый окуяларга жана инсандарга байланыштырып баяндайт. Кыргыздардын психологиялык түшүнүктөрүнүн, билимдеринин, тажрыйбаларынын бүт баары санжырада топтолгон жана анда кеңири чагылдырылат. Ошондон санжырада байыркы мезгилден тарта кыргыздардын менталитети, психологиясы сакталган. Аны изилдөөнүн психологиялык принциптерин иштеп чыгуу зарыл болуп саналат.

Кээ бир санжырачынын баянын угуп олтуруп “Силердин урууңар качантан бери кыргыз болуп калган?” деген суроону бергиң келет. Эгер андай суроо берилсе, оозу тып басылары айдан ачык. Турмушта санжырага байланыштырып негизсиз сүйлөгөндөр, трайбализмге сугарылгандар көп учурайт. Санжыраны көптөгөн учурларда уруулар ортосунда бөлүп жаруучулук, ажырым жаратуу багытта колдонулган учурлар кездешпей койбойт. Ошондон санжыраны өтө этияттап колдонуу зарыл. Анткени туура эмес санжыра адамдар ортосунда түшүнбөстүктөрдүн, карама-каршылыктардын жаралышына себепкер болуп калат. Алсак, баткендиктер өздөрүн кыргыздарбыз (М: кыргызмын, уруум кыдырша, уругум текирең ж.б.) гана дешет, баса белгилеп ичкиликмин деп да айтышпайт, бирок Ош тарапка келгенде “силер ичкиликсиңер” дегенди угат, ал эми Бишкек тарапка келгенде “силер сартсынар” (маданияттуурагы “силер кыпчаксыңар” деп айтат) деген ярлыкка ээ болушат. Баткендиктер өздөрү сарт деп (өзбектерди эмес) тажиктерди гана аташат. Бул айтылгандардан санжыранын элди бөлүп-жаруучулук максатта колдонулганы көрүнөт. Ушул жерде кыргыздардын муштумдай болуп бир улутка бириге албагандыгы (анын себептери ого эле көп, бул жерде санжырага байланыштуусуна гана токтолобуз), санжыранын таасиринен эл арасында ажырымдын күчөшү менен да байланыштуу десек жаңылышпаган болор элек.

Кыргыз элинин санжырасына көз жүгүртсөк, ар кайсы санжырада уруулардын түзүмү, тарыхы, башка уруулар менен болгон байланышы ар башкача баяндалганы көзгө даана урунат. Ошондой эле санжыра айткандар да окуяларды, каармандарды ар кайсы мезгилде өзгөртүп ар башкача баяндаган учурлар да көп кездешет. Санжыра айтуучулар ортосунда баяндоодогу так эместиктерден, бурмалоолордон таарынуулар, чыр-чатактар ж.б. жаралгандыгы белгилүү.

Биздин пикирибизче, санжырада уруулардын түзүмү, тарыхы, башка уруулар менен болгон байланышы ар башкача болуп калышына төмөнкүлөр өз тааасирин тийгизет:

*1. Тарыхчыларга, фольклорчуларга санжыраны билген кишинин жолугуп калуу өзгөчөлүгү.*

Санжыранын мазмунуна санжырачынын адамдык өзгөчөлүгү өз таасирин тийгизет. Кээ бир санжырачылар эл аралап көп жүрсө, анын санжыраны тагыраак, толугураак айтуу мүмкүнчүлүгү жогору болсо, башкасы өз аймагынан чыкпай, айылда укканын гана айтып жүрүшү мүмкүн. Алсак, өз аймагынан чыкпай, айылда укканын айтып жүргөн жана ошондой эле өздөрү менен канатташ жашаган урууну өз урууларынын санжырасына кошуп алып чаташууларда жүргөн санжырачылардын четтен келген окумуштууларга, тарыхчыларга туш болуп калышы, туура эмес санжыраны жыйноого алып келет.

Санжыра ар кайсы урууда ар башкача айтылган учурлар көп кездешет. Ошондой эле адамдар санжыраны ар кандай деңгээлде билет. Ошондон санжыраны кагазга жазып жаткан кишиге кандай санжырачы туш келип калышы санжыранын мазмунуна, тактыгына ж.б. өз таасирин тийгизет. Жазып жаткан кишиге санжыраны терең жана так билген, кеңири масштабда ой жүгүртүүгө ээ болгон санжырачы туш келип калса жакшы көрүнүш. Ал эми санжыраны чактуу билген кишиден жазып алса, таптакыр башка деңгээлдеги санжырага ээ болобуз.

2. *Санжыраны кагазга түшүргөн кишилердин кесиптик, тилдик ж.б. өзгөчөлүгүнүн* (басымдуу түрдө фольклорчулар, тарыхчылар ж.б.) *таасири* чоң мааниге ээ. Кыргыз тилин жакшы билбеген саякатчылар топтогон санжыра материалдарынын мазмуну менен нукура кыргыз санжырачыларынын айткан санжыралардын мазмундук жактан ар башкача болуп калышы, санжырада (уруулардын аталышын так жазуу, аларды ар кайсы топторго аралаштырып жиберүү ж.б.) чаташуулардын жаралышына өз таасирин тийгизет.

Мезгилдин өтүшү менен санжыранын мазмуну, коомдогу мааниси, ага болгон мамиленин да өзгөрүшү санжыраны жаңы түскө, мазмунга (алымча-кошумчага ж.б.) ээ кылат.

Биз ар кайсы санжырада уруулардын түзүмү, тарыхы, башка уруулар менен болгон байланышы ар башкача баяндалганынын, санжырадагы окуяларды, каармандарды ар кайсы мезгилге (жерге) өзгөртүп ар башкача баяндаган учурлардын себептерин психология илимине негиздеп өз пикирибизди билдиребиз.

1. Ар кайсы санжырада уруулардын түзүмү, тарыхы, башка уруулар менен болгон байланышы ар башкача баяндалышынын биринчи себеби адамдын жашы улгайган сайын анын эс тутуму, акыл-эси да өзгөрө баштап, санжырачынын мурунку айткандарын өзгөртүп: алымчалап, кошумчалап айтышы менен байланыштуу.
2. Уруулардын жер-жерлерге жайгашуусу да санжырага өз таасирин тийгизет. Уруунун чоң бөлүгү башка жерлерде жайгашса, алар өз санжырасына ээ болсо, ал эми аз сандагы элди түзгөн бөлүгү өздөрү канатташ жашаган уруулардын курамына кошулуп айтылып (кичинекей урууну өз уруусуна кошуп айтып жүрүп ж.б.) калып, санжырада чаташууларга алып келет. М: кыдыршаларды кесекке, тейиттерге, аваттарга ж.б. кошкон учурлар кездешет.
3. Санжыранын мезгилдин талабына жараша болушу. Улут катары өнүккөн элдерде санжыра сакталат жана маданияттын бир формасы катары турмушта колдонулат. Ал эми мамлекеттик маселелерди тарыхый фактылар негизинде гана чечет. Кыргызстанда санжыра оозеки тарых, маданияттын бир түрү катары өтө бааланат. Бирок Кыргызстанда санжыра региондордо ар кандай деңгээлде өнүккөн: дыйканчылык райондордо санжырага үстүрттөн мамиле жасала баштаган учурлар кездешсе, тоолуу райондордо санжыра өтө күчтүү өнүккөн деңгээлде жашайт жана адамдардын мамилесин аныктайт. Коңшу өлкөлөрдүн тажрыйбасына кайрылсак, Казахстанда санжыра тарых илими, генетика менен тыгыз байланышта изилденип келе жатат. Ал эми

Монголияда азыркы кезде ар бир уруу өз санжырасын жазсын, ойлоп тапсын (кантип жазуу эрежелери, ыкмалары атайын иштелип чыгып, үйрөтүлүп ж.б.) деген саясат жана идеология жүрүп жатышы, аларда санжыранын жаралышына жана дүркүрөп өнүгүшүнө (мамлекеттик деңгээлде монголдордун санжырасы ойдон чыгарылып байыркы эл, баатыр эл катары жазылышын талап кылуусу ж.б.) алып келүүдө.

4. Психологияда ***установка*** деген түшүнүк бар [5, 47-б.]. Санжырачы өз уруусун эң кыйын, эң байыркы уруу катары көргөзгүсү келсе, бүт акыл-эси, эмоция сезимдери аны ишке ашырып, көздөгөн максатына жеткирет, натыйжада (өз уруусун мактап олтуруп) санжыра мазмуну бузулат.

5. Тэшфел тайпалар ортосундагы мамиледе *когнитивдик* процесстердин (адамдын билиминин, түшүнүктөрүнүн, стереотиптеринин ж.б.) мааниси чоң экендигин далилдеген. Ал тайпалар ортосунда *чыр-чатак жок болсо да* «өзүнүн» тайпасына оң эмоциялар менен мамиле жасоо – өз группасына жан тартуу ***(«ингруппалык фаворитизм»)*** жана «башка» тайпага терс эмоциядан мамиле жасоо – бөлөк группалар менен каршылашуу (***«аутигруппалык каршылашуу»)*** закондордун таасиринен адам өзүнүн (группасын) тайпасын оң мазмундагы жакшы сапаттар менен мүнөздөйт (кыргыздар: меймандос, айкөл, ыймандуу, таза кандуу, мээримдүү ж.б.) [1, 63-б.]. Ал эми бөлөк группаларды басымдуу түрдө терс мазмундагы жаман сапаттар менен мүнөздөйт (негрлер: көп сүйлөйт, мактанчаак, эмгекти жек көрөт ж.б.). Мына ушул закондордун таасиринен тайпалардын ортосунда чоң жүйөлүү себеби жок эле карама-каршылыктар, чыр-чатактар келип чыгат. Бул сөзүбүзгө далил катары XX кылымдын 90-жылдарында ЖК талапкер болгон эки таластык инсан жеке кызыкчылыгынан ынтымак Талас элин саруу – кушчу кылып, карама-каршы эки урууга бөлүп койгонун мисал катары айтсак болот. Ошондон санжырадан кеп козголгон жерде “сен ал уруудан, мен бул уруудан, менин уруум сеникине караганда жакшы” – деп өз уруусун көкөлөтүү, болор-болбос нерсени талашып-тартышуу ж.б. жүрөт жана уруу өкүлдөрү ортосунда ажырым кетет. Мындай жол менен кетүү улуттук биримдиккежетүүгө тоскоол боло бермекчи. Ушундай уруулук карама-каршылыкка негизденген турмуштук кырдаалдардын көптүгүнөн кыргыздар улутка бириге албай, улут катары өнүгүүнүн төмөнкү баскычынан чыга албай келе жатабыз.

6. Психологияда **этноцентризм** деген түшүнүк бар. Тайпалардын ортосундагы мамиледе **этноцентризм** кубулушу да санжыранын калыс, адилет болушуна өзүнүн терс таасирин тийгизет [3, 24-б.]. Анда ***өзүнүн этникалык тайпасын өтө жакшы көрүп, бүт турмуштук кубулуштарды анын позициясынан кабыл алып, өз тайпасын жогору баалайт (мактайт). Ал эми бөтөн этносту туура эмес кабыл алып, алардын өзгөчөлүктөрүн так аныктоого жана калыс баа берүүгө терс таасирин тийгизет [4, 258-б.].*** М: кытайлар тамак катары курттарды, баканы, эшектин этин жейт, ал эми корейлер иттин этин жейт ж.б.у.с. жийркенүүлөр мисал болот.

Этноцентризмдин күчөшү – улутук чыр чатакка алып келет.

7. Психологияда **этностереотип** деген түшүнүк бар [3, 83-б.]. Адам *автостреотиптин* таасиринен өз тобун (уругун, уруусун, улутун) өтө жакшы көрөт, сүйөт, мактайт, ал эми *гетеростреотиптин* таасиринен башка топту (урукту, урууну, улутту) өз тобуна караганда төмөн баалап (кемчиликтерин гана көрөт ж.б.) кабылдайт жана ошого жараша мамиле жасайт [4, 254-б.]. Этностереотиптин таасиринин натыйжасында санжырачы калыстыктан тайышы мүмкүн. Анткени санжырачы да бир топтун өкүлү болгондуктан, өз тобунун санжырасын айтканда эргип, өз уруусун аябай көкөлөтөт, ал эми бөтөн топтун санжырасын айтканда эргий албай (кээ бир жерин унутуп калып ж.б.) калыстыктан таят.

8. Санжыранын мазмунуна, тактыгына, тууралыгына таасир этүүчү фактор катары

психологияда аныкталган **конфабуляция** кубулушун айтууга болот.

***Конфабуляция кубулушу – киши эске түшүрүүдө унутуп калган нерселердин (факты-маалыматтардын) ордуна өзү оюнан чыгарган маалыматтарды (өз божомолун, көз карашын же өз оюнан чыгарып ж.б.) кошуп жиберүүсү. Б.а., киши окуяны толук эсине түшүрө албай, окуянын унутуп калган жерлерин өзү ойлоп тапкан (ойдон чыгарылган) маалыматтарды кошуп жиберүү акылуу окуядагы үзүк жерлерди толуктайт. Айрыкча бул кубулуш тарыхый, саясый окуяларды эске түшүрүүдө жакшы иштеп, тарыхый, саясый окуяларга жалган маалыматтар көбүрөөк кошулуп айтылуусун ишке ашырат. Бул мыйзамга ылайык санжырачы да адам болгондуктан, санжырада унутуп калган жерлерин (окуяларды, уруу аттарын ж.б.) өзү кошумчалап кетүүсү мүмкүн [4, 252-б.].***

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктасак, санжырачылар айрым ойлорду, фактыларды ойдон чыгарып кошуп салуусу мүмкүн экендиги, санжырачы өз тобун жакшы көрүп, жогору бааласа, ал эми бөтөн топко калыс баа бере албашы психологиялык жактан алганда мыйзамдуу экендиги белгилүү болот.

Ыйманы таза, эл алдында, өз абийири алдында жоопкерчиликтүү санжырачы гана калыс санжыра айта алса, ал эми көптөгөн санжырачылар Тэшфелдин **законунун** жана **конфабуляция** кубулушунун таасиринен ж.б. жогоруда айтылган психологиялык таасирлерден улам санжырачы катачылыктарга жол берет жана эч качан калыс боло албайт деп айтуу туура болот. Мына ошондуктан санжыра материалдарында катачылыктарга жол берилип калышы мыйзамдуу көрүнүш экендиги, санжыраны пайдаланууда тарыхчы, философ, адабиятчы ж.б. изилдөөчүлөр өтө кылдат жана ар бир фактыга жоопкерчиликтүү мамиле жасашы шарт экендиги белгилүү болот. Ал эми санжырага негизденип эле жыйынтык ойлорду айта берүү жана олуттуу чечимдерди кабыл алуу жаңылыштыкка алып келет десек туура болот.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз эли өзүнүн каада-салтын, санжырасын сактоо менен бирге, заман талабына жараша жашоосу зарыл. Антпесе улут катары жок болуп кетүү коркунучу бар. Ошон үчүн кыргыздар төмөнкүдөй көйгөйлөрдөн арылуубуз зарыл.

Кыргыз эли үчүн санжыра зарыл жана маданиятыбыздын өтө баалуу бирдиги болуп саналат. Ар бир уруунун санжырасы кыргыз эли үчүн кымбат, кыргыз элинин тарыхын тактоого, толуктоого кызмат кылуусу менен ар бир уруунун санжырасы баалуу болуп саналат. Ошондой болсо да санжырадагы ар бир фактыга жоопкерчиликтүү мамиле жасоо зарыл жана санжырага негизденип эле жыйынтык ойлорду айта бербөө керек. Санжыра урууларды ажыратууга эмес, кыргыз элин улутка бириктирүүгө кызмат кылуусу зарыл.

Санжырадан кеп козголгон жерде сен ал уруудан, мен бул уруудан деп талашпай эле баарыбыз бир атадан тараган кыргыз экендигибизди эске алышыбыз зарыл.

Ошондой эле кыргыз элинин менталитетинде **өткөнгө** (элдин тарыхына, ата-бабалар салтына, санжырага ж.б.) маани берүү бар. Ошондон азыр да кыргыз эли өткөнгө багытталган социалдык установканы: «кыргыз кыйын эл болгон», "биздин ата-балар ушунтип жашаган" ж.б.у.с. түшүнүктөрдү алып жүрөт. Мындай установка кыргыздардын аракетинин, жүрүм-турумунун, ишмердигинин багытына жана мазмунуна өз таасирин тийгизет. Мына ошондуктан өткөнгө багытталган установканы өзгөртүп, кыргыздарда келечекке карата установка калыптандырып, бүгүнкү күн талабы менен жашоого өтүүбүз керек. Алар: элибизде (айрыкча жаш муундарда) «күчтүү кыргыз мамлекетин куруу», "азыр мамлекетти кантип өзгөртөбүз жана өнүктүрөбүз" ж.б. установкаларды калыптандыруу

керек. Ошондо гана кыргыз элинин жашоодогу максаты, милдети өзгөрөт: элдеги уруу-урууга бөлүнүү, куру намыс, ысырапкерчилик жоголот, улуттук идеология иштелип чыгылат, турмушка, келечекке жаңыча мамиле пайда болот.

Эн башкы маселе, ар бир кыргызды табияттан берилген көрөнгөнү, бүт өзүндөгү дараметти (потенциалды) чыгармачылык менен турмушта көрсөтүүгө умтулуп жашоого жана Кыргызстанды өнүккөн өлкөгө айландырууга бүт күч-кубатын жумшоого багыттообуз керек.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Мурзаев М.С., Закиров А. Этнопсихология. Ош-2015 – 263 б.
2. Мурзаев М.С. Кыргыз улуттук маданияттагы инсанды социалдаштыруу (социологиялык талдоо). Монография. Бишкек: 2017 – 200 б.
3. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү / Түзгөн: Мурзаев М.С. Бишкек: 2016. – 176 б.
4. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. Толукталып, оңдолуп 2-жолу б.ч. Бишкек: 2022 – 264 б.
5. Психология: словарь под ред. А.В. Петровского, М.Г. Ярошевского. – М., 1990 – С.494.


**Рецензент: доктор педагогических наук, профессор Бабаев Д.**
**кандидат психологических наук, доцент Кожогелдиева К.М**